# ӨЛКӨНҮН ЖАНА МАМЛЕКЕТТИН ӨНҮГҮҮСҮНДӨ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАРЫНЫН РОЛУ

**«Интербилим» Эл Аралык Борбору**



Бишкек,
Кыргыз Республикасы,
2022

# СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨДӨ



**Кыргызстандын Билим берүү долбоорлору жана комерциялык эмес уюмдардын программалары жана социалдык-экономикалык, медициналык, юридикалык жана башка кызматтарды көрсөтүү үчүн борборлордогу социалдык кызматтар: балдар үчүн, карылар үчүн, кризистик жана башка борборлор төмөнкүлөргө көмөктөшөт:**

- **жарандардын билим деңгээлин** жана укуктук маданиятын жогорулатуу;
- **аларды социалдаштырууга,** долбоорлорго жана коомдук-саясий турмушка тартууга көмөктөшүү;
- **ден соолукту** жана жашоо шарттарын жак-шыртуу;
- **жамааттарды** жана бүтүндөй коомду өнүктүрүү;

Сүрөт: «Тынчтык Коомдук Бирикмеси»

# СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨДӨ



жашоонун сапатын жогорулатуу жана коомдун чөйрөлөрүн өнүктүрүү боюнча **усулдарды, жана колдонмолорду** иштеп чыгуу;

жарандардын социалдык жактан аялуу категорияларын **коомго интеграциялоо:** жетим балдарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды, кары-картаңдарды жана башка жарандарды мамлекеттик колдоо системасын толуктап, алардын жашоосун жакшыртуу;

гуманитардык жардам көрсөтүү жолу менен тамак-ашка, дары-дармекке, дарыланууга каражатка **муктаж болгондордун көйгөйлөрүн тез арада чечүү;**

Сүрөт: «Карылар үчүн ресурстук борбор»

# ЭКОНОМИКАЛЫК ЧӨЙРӨДӨ



**Коммерциялык эмес уюмдардын өздөрү үчүн гана эмес, ошондой эле тартылган адистер үчүн жумуш орундарын түзүү**, иш менен камсыз кылуу, жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүү;

жоопкерчиликтүү салык төлөөчү болуу менен **өлкөнүн бюджетин толтуруу**, Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүн, мамлекеттик бюджетке салыктарды чегерүү, статистикалык органдарга отчетторду берүү;

мамлекеттик заказдарды жүзөгө ашыруу аркылуу мамлекеттик саясатты ишке ашырууга көмөк көрсөтүү менен **коомдун социалдык маанилүү маселелерин чечүү;**

Сүрөт: «Аалдар Тынчтык Банкы»

# ЭКОНОМИКАЛЫК ЧӨЙРӨДӨ




программаларды жана долбоорлорду, анын ичинде инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн өкмөттүк эмес уюмдарга каражаттарды тартуу аркылуу **мамлекеттик каражаттарды үнөмдөө;**

коммерциялык сектордун товарларынын жана кызматтарынын керектөөчүсү болуу менен **бизнести өнүктүрүүдө;**

кадрларды даярдоо, жумуш орундарын түзүү, социалдык дүкөндөр, микрокредиттик агенттиктер, өз ара жардам көрсөтүү топтору аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдү жана өндүрүштү өнүктүрүүдө социалдык ишкердикти ишке ашыруу, өлкөнүн бюджетин толтуруу, жакырчылыкты кыскартууга жана адамдык капиталды өнүктүрүүгө таасир этүү аркылуу **жарандардын экономикалык активдүүлүгүн жогорулатуу;**

Сүрөт: «Агролид» Коомдук Бирикмеси

# САЯСИЙ ЧӨЙРӨДӨ




Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын жана **адам укуктарын коргоо** жаатындагы ратификацияланган эл аралык **келишимдерди ишке ашырууга көмөк көрсөтүү;**

мамлекеттик органдардын ишине коомдук мониторинг жүргүзүү аркылуу, кайрылуулар жана сунуштар, жумушчу эксперттик топтор, альтернативдик отчеттор жана отчеттор аркылуу **мамлекеттик башкарууну өркүндөтүү;**

**мыйзамдардын жана аларды ишке ашыруунун сапатын жогорулатуу,** аналитикалык серептөө, эксперттик талдоо жана изилдөө, ченемдик укуктук актыларды экспертизалоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар менен социалдык өнөктөштүк аркылуу ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүн жана **региондорду өнүктүрүү;**

# САЯСИЙ ЧӨЙРӨДӨ




укуктук мамлекетти орнотууга көмөктөшүү үчүн **жарандык коомду өнүктүрүү;**

**өлкөдөгү туруктуулукту камсыз кылуу,** бенефициарлардын муктаждыктарын чечүү аркылуу чыр-чатактын деңгээлин төмөндөтүү;

**ТӨМдөрду (Туруктуу өнүгүү максаттары) ишке ашырууга көмөк көрсөтүү,** мыкты улуттук жана эл аралык тажрыйбаны алып келүү, мамлекеттик органдардын натыйжалуу өнөктөшү болуу;

1990-жылдардан бери **Кыргызстандын аймактык тескөөчүлөр тармагы улуттук кызыкчылыктарды коргоодо негизги ролду ойноп,** өлкөдөгү кырдаал боюнча коомдун бардык коомдук-саясий күчтөрүн жана секторлорун мобилизациялоого жана диалогго салым кошууда, адам укуктарын жана коррупциялык саясатка каршы чыгуу.

Сүрөт: : «Тандем» юристтер жамааты